6. Hamidli, T. A. Selected works / T. A. Hamidli. - Mingachevir: Mingachevir Printing Enterprise, - c.2. - 2007. - 226 p.

7. Salamov, A. D. Violet Perfume: stories / A. D. Salamov. - Baku, - 2013. - 257 p.

УДК 80
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-62-67

**Ан Вангук**
Кыргыз-Түрк Манас университети
**Ан Вангук**
Кыргызско-Турецкий университет Манас
**An Wanguk**
Kyrgyz-Turkish Manas University

# КОРЕЙ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ӨЛҮМГӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЭВФЕМИЗМДЕР
# ЭВФЕМИЗМЫ, СВЯЗАННЫЕ СО СМЕРТЬЮ, В КОРЕЙСКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ
# EUPHEMISMS RELATED TO DEATH IN KOREAN AND KYRGYZ

**Кыскача мүнөздөмө:** Азыркы учурда алтай тилдерине кайсы тилдер кирери толугу менен такталып бүтө элек. Талкуу жараткан тилдердин катарына корей жана жапон тилдери кирет. Бүгүнкү күнгө чейин бул тилдердин келип чыгуу булагын изилдеген окумуштуулар өтө аз. Корей жана түрк элдеринин байыркы мезгилден бери тыгыз байланышта болуп келгендиги тарыхта белгилүү. Ушундан улам тилге жана маданиятка таасир берген факторлорду анализдөө аркылуу, алардын ортосунда кандай байланыштар жана жакындыктар бар экендигин изилдесек болот. Мифтик түшүнүккө, диний ишенимге, ар кандай ырым-жырымга ишенүүгө, орой сөздөрдү сүйлөөдөн оолак болууга жана коомдо тыюу салынган көптөгөн эрежелерге байланыштуу пайда болгон жана колдонулган сөздөр табу же эвфемизм сөздөр деп аталат. Адамдын жашоосу менен тыгыз байланышкан тергөө сөздөрдү изилдеп чыгуу кыргыз жана корей тилдериндеги жалпылыктарды жана этнографиялык окшоштуктарды табууга мүмкүнчүлүк берет.

**Аннотация:** В настоящее время еще не составлен полный список языков, относящихся к алтайским языкам. К подгруппе языков, вызвавших дискуссию, относятся корейский и японский языки. До настоящих дней известно мало ученых, которые изучали происхождение этих двух языков. История свидетельствует, что с древнейших времен корейские и тюркские народы тесно связаны. Мы можем изучить факторы, оказывающие влияние на язык и культуру, а также их взаимоотношения и сближения. Табу или эвфемизмами называют используемые или появившиеся слова, которые связаны с мифическими понятиями, верой в религию, верой в различные суеверия, а также во избежание использования грубых слов и запретов многих правил в общественных местах. С изучением жизни народов и исследованием тесно связанных слов в кыргызском и корейском языках сановится возможным нахождение общего и этнографического сходства.

**Abstract:** In nowadays, the Korean language research in the Altaic language family has not been entirely proven. The most controversial languages are Korean and Japanese. There are still very few researchers studying the origin of the Altaic language family. In history, Korean and Turkish have been related for a long time ago. For this reason, it is possible to analyze the influence of ethnic languages and cultures through historical materials and to study what they have in similarities and differences. Taboos and euphemisms originated from mythological understanding, religious beliefs, various traditional beliefs, and social taboo rules. In this thesis, taboos or euphemisms that are strictly related to human life will help to find linguistic and folk commonalities between Kyrgyz and Korean languages.

**Негизги сөздөр:** алтай тилдери; маданият; табу; эвфемизм; эл; сөз.
**Ключевые слова:** алтайские языки; культура; табу; эвфемизм; народ; слово.
**Keywords:** altaic language; culture; taboo; euphemism; folk; word.

Адам баласы тилди кайсыл убактан бери жана кандайча пайдаланып келе жаткандыгы тууралуу так далилдер жок. Албетте, ар кандай зарылчылыктардан улам келип чыккандыгы анык. Тил дүйнөдөгү ар бир улуттарды байланыштырып келген курал болуп саналат. Башкача айтканда, улуттарды тыгыз байланыштырып турары жана алардын бири-бири менен болгон жакындыгын изилдеп чыгууда өзгөчө роль ойнору шексиз.

Улуттардын байланышын чагылдырган көрсөткүчтү маданият деп айтууга болот. Азыркы учурда маданият коомчулукта өтө чоң роль ойноп, улуттарды бири-бири менен байланыштырууда активдүүлүгүн көрсөтүп келүүдө. Бүгүнкү күндө аймактык чектөө маанисиз болуп баратат. Мындан улам маданияттын өзгөчөлүктөрү көбөйүп, элдердин кызыгуусун арттырууда. Маданият жөн гана улуттун жан дүйнөсүн чагылдырбастан, бир улуттун тарыхын, турмуш-тиричилигин да өз ичине камтыйт. Ошондуктан маданияттык жана тилдик өзгөчөлүктөргө таянып, дүйнөдөгү улуттар арасындагы кандайдыр бир жалпылыктар же айырмачылыктар тууралуу изилдеп чыгуу маанилүү иш болуп саналат (Вангук Ан, 2017: 1-2).

Эмне үчүн корей жана кыргыз тилдерин салыштыруу керек? Бул суроого жооп берүү кыйын. Алтай тил теориясынын негизинде түрк тилдери менен корей тили бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин ырастап жүргөн бир канча окумуштуу бар. Алгач алтай тил тобуна түрк, монгол, тунгуз тилдерин кошуп келишкен болсо, азыркы учурда корей жана жапон тилдери да алардын катарына киргизилген.

Азыркыга чейин корей жана жапон тилдерин алтай тил тобуна кошуу боюнча талаш-тартыштар жүрүп келет. Мисалы, алтай тил тобуна кирген тилдердин жалпылыгы катары негизинен төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: сүйлөм түзүлүштөрү (SVO), сөздөрдүн куралышы (уңгу-мүчө – CVC), роддордун жоктугу (женск. род, мужск. род, ср. род) ж.б. (Туна, 1992: 19-26).

Бирок буга каршы чыккан тараптары да бар. Эки башка тилди салыштырууда, эң алгач, сөздөрдүн окшоштугун табуу керек. Мисалы, эң негизги сөздөргө туугандык байланышты билдирген сөздөр, жаныбар жана өсүмдүк аталыштары, этиш сөздөр жана сандар, орган аталыштары кирет. Ушул өңүттөн алып караганда, корей жана жапон тили, алтай тил тобуна кирген түрк, монгол жана тунгуз тили менен окшоштугу жок деп белгилешет (Б.Х. Ким, 1978: 512).

Алтай тил теориясынын туура экендигин жактагандар жана ага каршы чыккандар бүгүнкү күнгө чейин ар түрдүү далилдер менен өзүнүн көз карашын коргоого аракет кылып келишет. Биздин оюбузча, эки тарап тең так ырастоолорду бере элек. Себеби бир улуттун байыртадан бери колдонуп келе жаткан тилинин башатын изилдеп, жыйынтыкка келүү оңой иш эмес.

Биз бул макалада, жогоруда айтылган маалыматтарды эске алып, корей жана кыргыз тилдериндеги өлүмгө байланыштуу эвфемизмдерди изилдейбиз.

*Эвфемизм* деген сөз грек тилинен келген: ‘euphemism’ кыргыз тилине которсок, **eu** “жакшы (well, sounding good)”, **pheme** “сөз, кеп (speech)” деген маанини билдирет (С.Х. Пак, 2007: 153).

Эвфемизм кандайдыр бир себептен (мифологиялык; диний ишенимдердин, коркунучтуу нерселердин жана тарбиясыздыктын негизинде) улам айрым түшүнүктөрү өз аты менен түздөн-түз айтпай, анын ордуна назик, жумшак, сылык, жагымдуу сөздөргө айландыруу маанисиндеги сөздөр менен айтууну түшүндүрөт. Коом турмушунда этика нормалары, адептүү, маданиятуу сүйлөө менен дагы түшүндүрүлөт (Д. Яң, 2018: 20-27; Ш. Жапаров, Т. Сыдыкова, 2013: 43-49).

Бул термин филология илиминде, тематикалык жактан алганда, бир нече топко бөлүнөт:

1. Адамдын мүнөзүнө карата колдонулган эвфемизмдер: *кичи пейил, ак жүрөк.*
2. Кишинин сырткы көрүнүшүнө карата пайдаланылган эвфемизмдер: *эткел, толмоч.*
3. Кишинин сапатына карай айтылган эвфемизмдер: *жылдыздуу, кулагы катуу.*
4. Адамдын касиетин баяндоодо колдонулуучу эвфемизмдер: *маңдайы жарык.*
5. Психологиялык абалга, эмоционалдык жагдайга карата айтылган эвфемизмдер: *көзү түштү, жылдызы өчтү, нуру кетти.*

Ошентип, эвфемизмдер коомчулукта ыңгайсыз же ылайыксыз нерселер жана жагдайлар тууралуу таттуу сөздөр менен сүйлөп чыгууга мүмкүндүк берет (Ш.Жапаров, Т.Сыдыкова, 2013: 43-49).

Эвфемизм сөздөрдүн ичинде эң активдүү колдонулуп келе жатканы өлүмгө байланыштуу экендигинде шек жок. Себеби адам баласы байыркы замандан бери өлүмдөн коркуп жашап келген. Жакындарын жоготуудан, өлгөндөн кийин боло турган белгисиздиктен жана тиги дүйнөдөгү коркуудан улам *өлүм* сөзүнө байланыштуу табу жана эвфемизмдер көп кездешет. Алтургай, бул кыргыз тилинде гана эмес, дүйнө жүзүндөгү бардык тилдерде көп кездешет.

Кыргыз тилинде өлүмгө байланыштуу табу жана эвфемизм сөздөр 200гө жакын деп айтылат (А.А.Максутова, 2014: 232). Корей тилинде да активдүү колдонулуп жаткан 70ке жакын эвфемизм бар, бирок алардын ичинде кытай тилинин таасири менен колдонулуп жаткандары да бар. Себеби корей эли өздөрүнүн тамгасы жок мезгилде жазуу тил катар кытай тилин колдонгон. XV кылымга чейинки тарыхый булактар да кытай тили менен жазылгандыктан, кытай тилин тааныпбаган катардагы адамдар үчүн ал тилди түшүнүү өтө кыйынга турган. Кийин, 1443-жылы, корей тамгалары жаралып, накта корей сөздөрү китептерге кире баштаган. Кытай сөздөрү көп жылдан бери колдонулуп жаткандыктан, кээ бир сөздөр активдүү лексиканын катарын толуктайт. Ошондуктан накта корей тилинен алынган сөздөр менен кыргыз тилинин сөздөрүн салыштыруу зарыл.

Эми кытай тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдү бөлүп көрсөтөлү:

*만세후 (萬歲後): Каган өлгөндө колдонулган, 선어 (仙馭): Каган өлгөндө колдонулган, 물고 (物故): Адам өлгөндө айтылат, 불기 (不起): Оорул жатып каза болгондо колдонулат, 장서 (長逝): Өлүм маанисинде, 졸 (卒): Өлүм маанисинде, 잔디찰방 (--察訪): Өлүп жерге көмүлдү дегендин жумшартылган мааниси (Х.С. Ким, 2008: 25).*

Бул макалада корей тилиндеги жана кыргыз тилиндеги эвфемизмдер салыштырылып изилденгендиктен, аларды таблица түрүндө берүүнү туура көрдүк.

| № | Корей сөздөрү | Котормосу |
|---|---|---|
| 1 | 하늘로 가다. | Асманга баруу (кетүү). |
| 2 | 저 세상에 가다. | Тиги дүйнөгө баруу (кетүү). |
| 3 | 돌아가다. | Кайтуу. |
| 4 | (세상을) 뜨다, 떠나다. | (Дүйнөдөн) кетүү. |
| 5 | 하늘나라(로) 가다. | Асман өлкөсүнө баруу (кетүү). |
| 6 | (부모를) 여의다. | (Ата-энени) жоготуу. |
| 7 | 잠들다. | Уктап калуу. |
| 8 | 눈 감다. | Көз жумуу. |

*(Х.С. Ким, 2008: 26; Д. Ян, 2018: 152, 224-234)

1. 하늘로 가다 (Асманга баруу (кетүү))

Киши өлгөндө "өлдү" деген сөздү түздөн-түз колдонгон сылык эмес деп эсептелет. Мындан улам кандайдыр бир жакшы жерге кетти деген маанисинде "асман" сөзү колдонулуп жатат. Байыркы заманда киши өлгөндө асманга кетет деп ишенишкен.

2. 저 세상에 가다 (Тиги дүйнөгө баруу (кетүү))

"Тиги дүйнө" деген түшүнүк кандайдыр бир жакты көрсөтпөйт. Бирок, киши өлсө да, бул дүйнөдө эмес, тиги дүйнөгө барып, башка жашоодо жашай берет деген ишенимден келип чыккан. Бул киши өлбөй жашоону уланта берет деген каалоосун көрүүгө болот.

3. 돌아가다 (Кайтуу)

Бул сөздү "тиги дүйнөгө, асманга жана топуракка" деген мааниси менен кошо колдонууга болот. Корей тилинде "адам топурактан келип, топуракка кетет" деген макал бар. Ушул сөздүн мааниси адам баласы жаратылыш менен ажырагыс экендигин билирет. Мындан улам "топуракка кайтуу" деген сөздү келген жерге кайра кайтып баруу деп түшүнсө болот.

4. (세상을) 뜨다, 떠나다 ((Дүйнөдөн) кетүү(өттү))

Адам өлгөнүн түздөн-түз айтпай (бул), "дүйнөдөн кетүү" деген сөздү колдонуп, "алыстык" концептинин негизинде кайгылуу сезимди эвфемизм аркылуу жумшартып берет.

5. 하늘나라(로) 가다 (Асман өлкөсүнө баруу (кетүү))

Бул жердеги "асман өлкөсү" деген бейишти билдирет. Кореядагы көпчүлүк динчил ишенимдин негизинде адамдарды өлүмдүн коркунучунан куткарган. Жөн гана "өлдү" деп айтпай, "бейиш" деген жагымдуу жана таттуу сөздү колдонуп, эвфемизм аркылуу беришкен. Азыркы учурда бир гана динге байланыштуу эмес, катардагы адамдар да бул сөздү көп колдонуп жатышат (Д. Яң, 2018: 152, 224-234).

6. (부모를) 여의다 ((Ата-энени) жоготуу)

Кореяда "여의다 (жоготуу)" деген сөз көбүнчө ата-эне же сүйгөн киши каза болгондо колдонулат. "Өлдү" деген сөздүн ордуна "여의다" деген сөздү колдонуу менен кайтышкан болгон кишиге карата сый-урматын билдирсе болот.

7, 8. 잠들다, 눈 감다 (Уктап калуу, көз жумуу)

Бул сөз – адам баласы каза болгондо жерге жатып жаткан өңүн чагылдырган сөз. Өлгөн эмес, эс алгандай уктап жатканын сүрөттөгөн сүйлөм (Х.С. Ким, 2008: 26).

Мындан башка *목숨이 다하다 (өмүр бүттү (акыркыга жетти)), 목숨을 잃다 (өмүр жоготтү), 심장이 멈추다 (жүрөгү токтоду), 숨을 거두다 (дем алынды), 숨을 끊다 (дем кести), 숨을 멈추다 (дем токтоду), 먼 길을 떠나다 (алыс жерге кетти), 곁을 떠나다 (жанынан кетти), 세상을 등지다 (дүйнөнү артка калтырды), 세상에 없다 (дүйнөдө жок болду), 세상 사람이 아니다 (бул дүйнөнүн кишиси эмес), 눈에 흙이 들어가다 (көзүнө топурак кирди), 별이 떨어지다 (жылдыз түштү), 혼자가 되다 (жалгыз болду), 일어나지 못하다 (тура албай калды), 목숨을 바치다 (өмүр өчтү), 목숨을 끊다 (өмүр кести), 순직하다 (каза болду)* ж.б. сөздөрү бар. Булар өз ара топторго да бөлүнөт.

Кыргыз тилинде өлүмгө байланыштуу төмөндөгүдөй сөздөр бар: *о дүйнө (же а дүйнө) кетти, тигил дүйнөгө кетти, келбес сапарга аттанды, кайтпас сапарга узады, көз жумду, каза тапты, жан таслим болду, дүйнөдөн өттү (же кайтты), көрөр күнү түгөндү (же бүттү), курман болду, тили буулду, кайтыш болду, чарчады (балдарга колдонулат), учуп кетти, ээсине тапшырдык* ж.б. сөздөр бар (Ш.Жапаров, Т.Сыдыкова, 2013: 48; А.А. Максутова, 2014: 232).

Жогоруда белгиленген корей сөздөрү менен кыргыз сөздөрүнүн ортосунда мааниси жагынан дал келе турган сүйлөмдөрдү көрүүгө болот. Мисалы, *о дүйнө (же а дүйнө) кетти, тигил дүйнөгө кетти – 저 세상에 가다, келбес сапарга аттанды, кайтпас сапарга узады – 돌아올 수 없는 여행을 떠나다, көз жумду – 눈 감다, дүйнөдөн өттү (же кайтты) – 세상을 뜨다 (떠나다), кайтыш болду – 돌아가다, учуп кетти – 날아가다.*

Корей жана кыргыз тилиндеги өлүмгө байланыштуу сөздөрдү алып кароодон улам, алардын көпчүлүк учурда кандайдыр бир мейкиндикти билдиргенин көрүүгө болот. Мисалы, кайсы бир жерге *кайтыш болуу (돌아가다)*, уктап жаткандай *көз жумду (눈을 감다)*, каякка экенин билбейбиз, бирок *о дүйнөгө (저 세상에), асманга (하늘로)* сыяктуу кайсы бир белгисиз жерге кетип жаткандыгын билдирет. Бул "өлдү" деген жашоонун аягын көрсөтпөйт, башка жашоону уланта берет деген ишенимден келип чыкканын сүрөттөйт.

**Корутунду**

Корей жана кыргыз элдери байыркы заманда теңирчилик менен жашаганы белгилүү. Мифологиялык жана тотемдик ишенимдердин учурунда, адамдар жаратылыш кубулуштарынан (мисалы, чагылган же бороон-чапкындан) коркуп жашашкан. Тескерисинче, азыркы учурда кызыккан нерселерибизди интернет аркылуу үйрөнүп жатабыз. Тактап айтканда, аймактык чектөө маанисиз болуп бараткан мизгилде жашап жатабыз. Ушунчалык илимий багыт өнүккөн мезгилде жашап жатсак да, өлүмдөн баарыбыз коркобуз. Ушундан улам өлүмдүн же оорулардын атынан ж.б.у.с. эвфемизмдер келип чыккан. Демек, бул сыяктуу көрүнүнштөргө корей жана кыргыз элдери аяр мамиле жасаган.

Алтургай, күнүмдүк жашоодо гана эмес, чет тилди үйрөтүүдө да эвфемизм өтө маанилүү орунду ээлейт. Жогоруда белгиленгендей, территориалдык чектөө маанисиз болуп бараткан мизгилде, чет тилдерин үйрөнгөндөр көбөйүп жатат. Башка тилди экинчи тил катары үйрөнүп жаткан адам кээ бир сөздөрдүн ордуна эвфемизмдерди колдонууну билбесе, анда ал жанындагы адамды таарынтып алышы мүмкүн. Мына ошондуктан тил үйрөтүүдө эвфемизмдерге да басым жасоо керек.

Эки башка тилди изилдөө иштеринде тилдик материалдарды гана эмес, тилди колдонуп жаткан элдин рухун, маданиятын, коомчулук нормаларын да изилдеп чыгуу зарыл. Биз эвфемизмдин, анын ичинде өлүмгө байланыштуу сөздөрдүн бир бөлүгүн карап чыктык. Кыргыз тили менен корей тилинин алтай тил тобуна кирип-кирбегендигине карабай, эки элдин түшүнүктөрүн жана маданият аркылуу тилге чалгылдырган көрүнүштөрүн көрүүгө болот. Бул эки элдин ортосунда кандайдыр бир окшош түшүнүктөрдүн бар болгондугун билдирет. Бул макала мындан кийинки изилдөө иштеринде эки тилдин, экинчи сөз менен айтканда, эки элдин ортосундагы карым-катышты терең изилдеп чыгууга өлбөлгө түзөт деп ишенем.

**Колдонулган адабияттар**


1. Ercilasun Ahmet B.. Türk Dili Tarihi. – Ankara, 2004, 488.
2. Güngör Ahmet. Tabu-Örtmece (Euphemism) Sözler Üzerinde // A.Ü. Türkiyat Arştırmaları Enstitüsü Dergisi, Sayı 29, 2006, 69-93.
3. Üstüner Ahmet. Örtmece Sözlerle İlgili Terimler // Turkish Studies, 2009, V. 4/8, 166-176.
4. Erol Hülya Arslan. Tabu (Taboo) ve Kelimelerin Anlam Alanlarına Etkisi // Türk Dili Araştırmaları Yıllığı – Belleten, sayı 2002/2, 2002, 35-56.
5. Жапарова Ш., Сыдыкова Т. Азыркы кыргыз тилинин лексикологиясы жана лексикографиясы. – Бишкек, 2013, 43-49-б.
6. Кудайбергенов С. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Фрунзе, 1980, 338-б.
7. Samoskaite Laura. 21 Century political euphemisms in english nespapers: semantic and structural study, Vilnius, 2011, 57.
8. Максутова А.А, Кыргыз тилиндеги өлүмгө жана көңүл айтууга байланыштуу тергөөлөрдүн объектилери // Известия вузов, №1, 2014, 232-235-б.
9. Мусаев С.Ж. Жалпы тил илими. – Бишкек, 1998, 212-б.
10. Саалаева Н.А. Мифология, табу жана эвфемизм // Вестник КНУ, №4, 2013, 218-223-б.
11. Сартбаев К.Түркологияга киришүү. – Фрунзе, 1987, 266-б.

12. 김미형, 국어 완곡 표현의 유형과 언어 심리 연구, 한말연구 7, 2000, 27-63.

13. 김홍석, 국어 어휘 범주의 완곡어, 한어문교육 19, 2008, 20-37.

14. 박정열, 최상진, 금기어 분석을 통한 한국인의 심층심리 탐색, 한국심리학회지 22(1), 45-61.

15. 도수희 외7, *알타이어 속의 한국어, 한국어 속의 알타이어*, 역락, 2013, 232.

16. 양정, 한국어 완곡 표현 연구, 박문사, 2018, 350.

17. 이기문, *한국어와 알타이 제어의 친족관계*, 한국사 시민강좌 32, 2003, pp 161-184.

18. 허재영, 금기어의 구조 및 발생 요인, 사회언어학 9(1), 2001, 193-217.

19. Думанаева М.Г., Каролова А.М. Кыргыздар колдонгон ырым-жырымдар жана алардын табияты, тарбиялык мааниси // Вестник КНУ, 2023, № 3(115), 9-15-б.

УДК 80

DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-68-74

**Сола Парк**

Кыргыз-Түрк “Манас” университети

**Сола Парк**

Кыргызско-Турецкий университет Манас

**Sola Park**

Kyrgyz-Turkish Manas University

# КЫРГЫЗ ЖАНА КОРЕЙ ТИЛИНДЕГИ КӨР- ЖАРДАМЧЫ ЭТИШИ ЖӨНҮНДӨ
# О ВСПОМОГАТЕЛЬНОМ ГЛАГОЛЕ "ВИДЕТЬ" В КОРЕЙСКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ
# ABOUT THE VERB "TO SEE" IN KOREAN AND KYRGYZ

**Кыскача мүнөздөмө:** Бүгүнкү күндө азыркы корей тили алтай тил тобуна кирет деген да ырастоолор бар. Бирок бул так аныктала элек. Азырынча, божомолдорго ылайык, корей тили алтай тил тобуна жакын деп гана айтууга болот.

Тил илиминде корей жана кыргыз тилдерин салыштырып изилдеген изилдөөлөр жокко эсе. Кореяда кыргыз тилин, ал эми Кыргызстанда корей тилин билген окумуштуулар аз. Ошол себептен эки тил азыркыга чейин илимий жактан салыштырылып каралган эмес. Эки тилдин ортосундагы жакындыкты тилдик жактан аныкташ үчүн, эң алгач алардын грамматикасын жакшы билүү зарыл. Муну менен катар эки улуттун маданиятын да мыкты билүү керек. Себеби тил жана маданият бири-бири менен өтө тыгыз байланышта: маданият тил аркылуу чагылдырылат. Демек, эки элдин тилин изилдөө аркылуу алардын маданиятынын ортосундагы карым-катышты да аныктоого болот.

Кыргыз жана корей тилдеринде этиш сөз түркүмү өзгөчө орунга ээ. Биз бул макалада этиш сөз түркүмүндөгү *көр-* жардамчы этишин салыштырып изилдөө аркылуу бул эки тилдин ортосундагы окшоштукту кайсы бир деңгээлде көрсөткөнгө аракет кылабыз.